**УДК 951/959(575.2):297**

# КЫРГЫЗ ЭЛ КУЛЬТТАРЫ

***Алимова К.Т.*** *И.Раззаков атындагы КМТУнун Философия жана социалдык илимдер кафедрасынын доцентинин м.а. E-mail: alimova.kt@mail.ru*

Макалада Кыргыздардын исламга чейинки диний ишенимдери иликтенип, аларга илимий анализ жасалды.

**Негизги сөздөр:** теңирчилик, Умай эне, анимизм, тотемизм, фетишизм, шаманчылык, Манастын күмбөзү.

# КУЛЬТЫ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

***Алимова К.Т.*** *и.о. доцент кафедры Философии и социалных наук КГТУ им. И.Раззакова E-mail: alimova.kt@mail.ru*

В статье исследованы и научно проанализированы доисламские верования кыргызов.

**Ключевые слова:** теңгрианство, Умай эне, анимизм, тотемизм, фетишизм, шаманизм, мавзолей Манаса.

# CULTS OF THE KYRGYZ PEOPLE

***Alimova K.T.*** *associate Professor of Philosophy and social Sciences KSTU named after I. Razzakov E-mail: alimova.kt@mail.ru*

The article investigates and scientifically analyzes the pre-Islamic beliefs of the Kyrgyz.

**Key words:** Tengrianism, Umai ene, animism, totemism, fetishism, shamanism, Manas mausoleum.

Кыргыздар Бобордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири катары бай окуялардын күбөсү жана катышуучусу болгон. Кыргыз эли көптөгөн көчмөн элдер сыяктуу эле ар түрдүү элдер менен этникалык байланышта болуп, кылымдарды карытып, жеке өзүнө тиешелүү болгон өзгөчөлүктөрдү сактап калган. Ошол замандан бери өзүнүн тилин, диний ишенимдерин, рухий байлыктарын жоготпой, аларды байытып, муундан муунга улуу мурас кылып өткөрүп келе жатат. Элдин ошол улуу тарыхый жолунда анын рухий маданиятынын бөлүнбөс байлыгы болгон алгачкы диний ишенимдерин алып көрөлү. Алгачкы диний ишенимдер ар бир элде болгон адамзаттын карт тарыхын далилдеп турат. Кыргыз элинин коомдук турмушунда бутпарастык түшүнүктөр орчундуу орунду ээлегендиктен ислам динине киргенден кийин деле сакталып кала берген. Кыргыз тарыхчыларынын бири Белек Солтоноев ислам дининин күчөшүнө тоскоол болгон төмөнкү себептерди көрсөтүп кеткен:

1.Башка диндердин таасири.

2.Көчмөн турмуштун таасири.

3.«Мусулман мамлекеттер» менен дайыма жоо болуп, алардан мусулмандык таасир албагандыгы.

4.«Динге салкын көз менен карагандыгы».

5.«Энисейден, Алтайдан көчүп келген кыргыздар шаманчылыкта болгондуктан анын таасири мындагы кыргызга тийгендиги».

6.Орустарга кошула электе «түп жак кыргыздарда жазуу билген бир дагы кыргыз болбогон» [7].

Көчмөндүк турмуштун оор шарттарына чыдаган кыргыздар жаратылышка дайыма этият мамиле жасаган. Исламга чейинки элдик диний ишенимдердин бардык формалары: теңирчилик, шаманчылык, анимизм, фетишизм, тотемизм, жаратылыш культу, от культу, магиянын ар кыл түрлөрү жана дагы ушул сыяктуулары кыргыздарда кеңири тараган.

Байыркы убакта түрк тилдүү элдердин арасында Теңир культу кеңири тараган. Кыргыздарда да теңирчилик бүгүнкү күнгө чейин жашап келет. Ал эми, «Умай эненин культу кыргыздардын байыркы диний культтарына кирет» [1] деп тарыхчы С.М. Абрамзон айткан: Умай эне илгертен бери эле кыргыздардын бардык муундарында аял затынын ысмы молчулуктун, токчулуктун, үй-бүлөнүн куту катарында өтө көп айтылып, аялзат кудайына айланганы белгилүү [8]. Умай эне кыргыздарда азыр да унутта калган жок десек жаңылышпайбыз. Умай эненин культу бардык түрк элдеринин мифологиясында кеңири сакталып калган. «Умай эненин образы түрк урууларынын ар биринде жергиликтүү өзгөчөлүккө ээ…. Кай биринде сыйкырдуу бир канаттуу куш тариздe» [8].

Умай эненин культу табият культуна байланыштуу болгондуктан кыргыздарда алгачкы диний ишенимдердин системасында табият культу өзгөчө орунду ээлеген. Көчмөндөр дайыма жаратылыш менен бетме-бет болгондон кийин ага өтө кылдат мамиле жасаган. Асман-көк-теңир, жер-теңир-экөө тең кудай катарында таанылып, алардын ортосунда Адам жашаган. Бул идея Көгарт ашуусуна жакын жердеги Саймалуу-Таш өрөөнүндө таштарга чегилген сүрөт галареясында орун алган. Күн төбөдөн жерге теңдеши жок нур чачкан, мол берекенин булагы катарында жылуулукту жана тамак ашты камсыз кылып турганы кыргыздар күндү кудайындай көрүшкөнүн билдирген. Жур-Суу кудайынын урматына кургакчылык же жаанчыл болгон кезде эл чогулуп, бата кылышып, сыйынышып, малды курмандыкка чалышып, этин бышырып жеп, сөөгүн үйүп калтырган учурлар көп кездешкен. Мындай аракеттер бүгүнкү күндө да кездешип, ал айыл молдосунун куран окуусу менен коштолот. Ошону менен бирге кыргыздар байыркы мезгилден бери эле тоо-ташка, булактарга, жалгыз дарактарга сыйынып келишкен. Оштогу Сулайман тоосу Орто Азиядагы азыркы убакытта да

эл көп барып сыйынган жер болуп эсептелет. Мусулмандар тоого чыгып сыйынышып, төрөбөгөн аялдар таштардын үстүнө ичин тийгизип жөрмөлөп өтүшкөн [6]. Ар бир «ыйык» деп эсептелинген жаратылыш обьектисинин ээси бар деген ишеним болгон. Алгачкы диний ишенимдердин бири шаманчылыктын кыргыз калкынын тарыхында өз орду бар. Кыргыздарда шаманчылык XVII к. башында эле бар экендигин Анвар Байтур жазып кеткен [2]. Шаманчылыкты кыргыздарда бакшы жана бүбүлөр аткарып келген. Алардын негизги ролу оорулуу адамдарды дарылоо болгон. Мисалы, этине жара чыгып, кызарып турса, темир орокту кызытып, аны жарага жакындатып туруп, дуба айтып, темир орокко түкүргөн. Алыскы жоодон аман келгенде чыныга суу куюп ал кишинин башынан үч жолу айландырып, анан ал сууну киши баспаган жерге төгүп салышкан. Эл арасында бүбү-бакшылардын «чымыны», колдогону бар дешип, аларга аябай ишенишкен. Бүбү-бакшылардын «кызматы» кыргыздар ислам динине киргенден кийин деле аткарыла берген. Шаманизм палеолит доорунда жаралып, адамдардын аң сезиминде, күнүмдүк турмушунда өтө көп мезгилге чейин сакталып келе жатат. Көбүнчө XX к. башына чейин кыргыздар көчмөн турмушта жашап, дайыма жаратылыштын таш боор кырсыктарынын күбөлөрү болуп, алардын мазмунун, себебин көп учурларда түшүнбөгөндүктөн бүбү-бакшылардын таасири өтө күчтүү болгон. Бүбү-бакшылар дайыма эл менен бирге көчүп жүрүшкөн. Кээ бир шамандардын чынында эле адамдарга таасир тийгизчү күчкө ээ жөндөмдүүлүгү бар экендигинде калет жок деп айтсак болот. Кыргыздардын аймагындагы ташка чегилген Саймалы-Таш сүрөт галереясында шамандардын ырым-жырым бийлерин аткарып жаткан учуру чагылдырылган. Мүмкүн бул ташка чегилген таш сүрөттөрдү азыркы Кыргызстандын аймагындагы шаманчылыктын эң байыркы далилдери деп да эсептесе болот. “Чынгыз хан өзү шаман болгон… Манастын башкы жан жөкөрү Алмамбет шамандык сыйкырчылыктын жашыруун сырларын эң жакшы билгендиктен кыргыз жоокерлери жортуулдардан нечен жолу ар кандай кырсыктар менен коркунучтардан кутулуп чыгышкан”,- деп С.М. Абрамзон жазган [1]. Совет бийлигинин учурунда бакшы, бүбүлөр куугунтукка алынгандан кийин, алардын көбү жашыруун түрдө иштөөгө мабжур болушкан.

Кыргыздарда байыркы диний ишенимдер тобунда арбактарга ишенүү өзгөчө орунду ээлейт. Кыргыз элинин аң-сезимине өтө сиңип кеткен. Бул диний ишеним арбактарды сыйлап, аларды эскерип туруу, ислам дини негизинен элге сиңгенден кийин куран окутуп туруу салтына айланып калган. Карапайым көчмөн эл ата-бабаларынын арбактарын кыйын шарттарда колдоого чакырган. Экинчи жагынан арбак тирүүлөрдүн жүрүш-туруштарын көзөмөлгө алып, өз таасирин тийгизип турат деп ойлошкон. Иши жакшы жүргөн адамды азыр деле арбак коргоп, колдогон киши деп айтышат. Бата бергенде да «ата-бабаңдын арбагы колдосун» дешет. Ошол себептен азыркы учурда маркумдун туугандары адамдын сөөгүн жерге жашыргандан кийин мүрзөнүн үстүнө ар түрдүү эстеликтерди, күмбөздөрдү куруп жатышат. Кыргызстандын аймагында ыйык деп, эл сыйынган бир далай күмбөздөр бар. Албетте биринчи иретте Манастын күмбөзүн айтууга болот. Талас жергесиндеги Манас күмбөзү дүйнөгө, өзгөчө Манас эпосунун 1000 жылдыгын 1995-ж. салтанаттуу түрдө белгилегенден кийин даңкы чыккан. Азыр «Манас» мемориалдык комплекси кыргыздардын барып сыйынып, жалпы эле арбактарга бата кыла турган жерине айланган. Кыргызстандын азыркы аймагындагы кездешүүчү күмбөздөр, мазарлар ислам дининин кызматчылары тарабынан өз кызыкчылыгына кеңири пайдаланылат.

Кыргыз элинин көчмөнчүлүк заманында тоолорго табынышынын мисалы катарында обоо таштарын айтууга болот. Обоо-тоо культунун белгиси, «таштардын үймөгү» [3]. Ашуудан ашып баратканда эркектер аттан түшүп, бир нече ташты үймөктүн үстүнө ыргытышкан. Обоолор Тянь-Шань, Памир, Алай тоолорунда, Борбордук Азиянын жана Түштүк Сибирдин кең талааларында да учурайт[3]. Ошол эле учурда уруулардын арбактарына да арналган деген пикир бар. Археологиялык казуулардын негизинде алынган тарыхый маалыматтарга таянганыбызда кыргыздар Борбордук Азия мейкиндиктеринде жашаган кезде жаныбарларды да ыйык көрүшкөн. Өзгөчө биринчи орунда жылкы турат [4]. Жылкы

кыргыздардын малдарынын ичинде негизги орунду ээлеп, «Ат адамдын канаты» дешет кыргыздар.

Борбордук Азияда байыркы түрктөр бөрүнү тотем катарында көрүшкөн. Бирок бөрүнү урууулардын коргоочусу катарында карашкан. Байыркы кыргыздардын мындан тышкары көп сандаган ыйык деп эсептеген жаныбар – тотемдери болгон [4]. Муну менен кыргызда тотемизм болгондугун билебиз. Демек, кыргыздар исламды кабыл алганга чейин жаратылыштын кубулуштарына жана жаныбарлар дүйнөсүнө кылдаттык менен мамиле жасап, ага зыян келтиришкен эмес. Тотемдик культтун калдыктары кыргыздардын урууларынын аталышында да сакталып калган (Сары багыш, кара багыш, бугу ж.б.).

«Куттуу үйдөн куру чыкпайт», «Жакшы аял үйдүн куту…» деген макалдар кыргыз эллинде кеңири тараган. Профессор Х. Карасаев «Кут түрк элдеринин исламга чейин диний ишениминде түндүктөн коргошундай балкып түн ичинде коломтого түшө турган нерсе» [5] деп айтат. Баштыкка тигилген жети седеп топчу жана коргошундан жана калайдан жасалып, көк же кызыл чүпүрөк кийгизилген адамдын келбети, бул келбет суугa жуулуп, ал сууну малга чачышкан. Кут кыргыз элинде сакталып калган фетишизмдин калдыктары. Азыркы учурда кут ислам динине аралашып кеткен. Мисалы Ыйык Курандан дубалар жазылып үч бурчтук формасында тери менен капталып, тумар кылып моюнга илинет. Азыркы учурда кээ бир айдоочулар көрүнө турган жерде ар түрдүү, араб жазуусун, Манастын арбагы колдосун деп жазылган сөз, теспелерди илип аларды кырсыктардан сактайт деп ишенишет. Карышкырдын чүкөсүн бөрү жатыштан айыктырат деп ооруган кишинин мойнуна илип коюшчу. Бүркүттүн тырмагынын да касиеттүү жагы бар деп эсептелинет. Булар да фетишизмдин далилдери болот. Ошентип, кыргыз эли ислам динине чейин алгачкы диний ишенимдердин ар түрдүү формаларына сыйынып келишкен. Байыркы кыргыз эли диний ишеним адамдын тагдырына бул жана тигил дүйнөдө түздөн түз таасир этиши мүмкүн деп ойлошкон.

Кыргыздардын байыркы диний ишенимдери жаратылышка өтө кылдат, чебер мамиле кылууну талап кылган. Эл өзүнүн байыркы узак, татаал жана бай тарыхын унутпай, анын сабактарын азыркы жана келечектеги муундардын кызыкчылыгы үчүн туура пайдаланып, өткөндүн адеп-ахлактык жоболорун, салттарын эреже кылса көп жетишкендикке ээ болорун чыгыш өлкөлөрүнүн эң күчтүүсү Япониянын соңку жаңы тарыхы далилдеп турат. Дүйнөдөгү эң эле өнүккөн өлкүнүн тажрыйбасы элдин көөнөрбөс рухий мурастары, адеп-ахлак түшүнүктөрү илимий-техникалык жетишкендиктеринен да жогору турарын жана адамзаттын бул баалуулуктарынын теңдеши жок экендигин ачык айкын айгиниледи. Биз дагы өзүбүздүн асыл жаратылышыбызды сактап, элдин биримдигине жана ынтымагына ата-бабаларыбыздын рухий мурастарын ыраттуу пайдаланып, келечек муундарына өткөрүп берсек тарых алдындагы милдетибизди өтөгөн болоор элек.

Колдонулган адабияттар:

1. Абрамзон С.М. Кыргыздар жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Бишкек, 1999, 187-б.
2. Анвар Байтур Кыргыз тарыхынын лекциялары. Бишкек, 1992, 73-б.
3. Жуковская Н.А. Судьба кочевой культуры М. 1990, с.80.
4. Нестеров С.П. Конь в культах тюркоязычных племен Центаральной Азии в эпоху средневековья. Новосибирск, 1990, с.
5. Карасаев Х.К. Өздөштүрүлгөн сөздөр. Фрунзе, 1986, 168-б.
6. Петраш Ю.Г. «Святые» места обмана. Фрунзе, 1961, 11-б.
7. Солтонов Белек Кызыл-Кыргыз тарыхы.1-китеп, Бишкек, 1993, 135-б.
8. Чоюн Өмүраалы уулу Теңирчилик Бишкек, 1994, 41-б.